2003-088

ВЕДОМСТВОЛОР АРАЛЫК ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ

Д 09.02.203

Кол жазма укугунда

УДК 10(09)(575.2)(043.3)

ЖАНЫБЕКОВА ВЕНЕРА БАЙЫШОВНА

# ОЙЧУЛ МОЛДО КЫЛЫЧ XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ КЫРГЫЗ РЕНЕССАНСЫНЫН КӨРҮНҮКТҮҮ ӨКҮЛҮ

Адистиги: 09.00.03 – философиянын тарыхы

Философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациянын

а в т о р е ф е р а т ы

Бишкек - 2003

Иш Ош мамлекеттик университетинин философия кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчилери:** философия илимдеринин доктору, профессор **Ш.Б.БАЗАРБАЕВ ,**

философия илимдеринин доктору **С.М.МУКАСОВ**

**Расмий оппоненттер:** философия илимдеринин доктору, профессор **Ш.Б.АКМОЛДОЕВА,**

философия илимдеринин кандидаты, доцент **С.М.АБДРАСУЛОВ**

**Жетектөөчү мекеме:** Жалал-Абад мамлекеттик университетинин философия жана гуманитардык илимдер кафедрасы

Диссертациялык иш 2003-жылдын "8" майында саат 13.00 Кыргыз Республикасынын УИАсынын Философия жана укук институтунун алдындагы (тең уюштуруучулар - КУУ жана ОшМУ) философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоочу Д 09.02.203 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а.

Диссертация менен КР УИАсынын Борбордук илимий китепканасында таанышса болот (Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а).

Автореферат 2003-жылдын "7" апрелинде жөнөтүлдү.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы**
**философия илимдеринин кандидаты,**
**доцент** **Н.А.Омуралиев**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Азыркы күндө жаңылануу, жаңыча ойлоо процесси коомдук турмуштун бүткүл чөйрөсүн өзүнө камтып, өнүгүүнүн өткөн жолуна, элибиздин карт тарыхына, маданияты менен каада салтына, руханий мурастарына илимий объективдүү баа берүүнү, аларга жаңыча мамиле жасоону шарттап олтурат. Бул жагдай акындар поэзиясындагы философиялык, коомдук саясий түшүнүктөрдү изилдөөнү да өзүнө камтыйт.

Белгилүү болгондой, прогрессивдүү көз караштагы ар бир акын өзү жашаган коомдун алдыңкы адамы катары жалпы элдин кызыкчылыгын, мүдөөсүн жактап, анын зор сүймөнчүлүгүнө ээ болгон. Акындардын бийик гумандуу чыгармаларында коомго, айлана-чөйрөгө, жаратылышка, таалим-тарбияга, агартуучулукка байланыштуу айтылган көптөгөн ойлор бар. Булар ар кыл түшүнүктөрдү өзүлөрүнө камтуу менен, акындардын коомдук-саясий, философиялык көз караштарын түзүшөт. Бүгүнкү күндүн шартында аларды окуп билүү, кабыл алуу азыркы муундар үчүн өзгөчө мааниге ээ. Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын президенти А.Акаев кыргыз элинин ойчул-акыны Калыгулдун эстелигин ачууга арналган аземинде сүйлөгөн сөзүндө кыргыз ойчулдарынын ой жүгүртүү жана таамай сөздөрү руханий мурас катары биздин муундарга манифест сыяктуу кызмат кылат[1] - деп баса белгилеген

Жогорку айтылган жагдайга байланыштуу учурдун күн тартибине коюлуп олтурган маселелердин бири катары айрым кыргыз акындарынын мурастарын кайрадан карап чыгып, алардын коомдук саясий, философиялык көз караштарына байланыштуу өкүм сүрүп келген вульгардык социологиядан, бир беткейлүүлүктөн, субъективдүү илимий көз караштардан арылып реалисттик изилдөөлөрдү жаратуу зарылдыгы келип чыгууда. XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башындагы залкар акын, терең ойчул Молдо Кылычтын дүйнөгө болгон көз карашын кайра карап чыгып

[1] Кыргыз Республикасынын президенти А.Акаевдин Калыгулдун эстелигин ачууга арналган аземинде сүйлөгөн сөзү // Акылман Калыгул. - Бишкек. – 2000. – 3-б.

объективдүү баа берүү – бул багыттагы аткарылуучу илимий иштердин бири болуп саналат. Бул биринчиден. Экинчиден, Молдо Кылычтын поэзиясындагы философиялык, коомдук саясий көз караштарын изилдөөнүн өзү эле кыргыз элинин философиялык, коомдук саясий ой-пикирлеринин тарыхий өсүшүнүн белгилүү бир этабын ичине камтыйт дегендикке жатат. Анткени, акын элдин турмуш шарты, дүйнөгө болгон көз карашы менен толук таанышкан болгон. Ушундан улам ал өзүнүн ырларын жаратууда элдин бүткүл руханий дүйнөсүндөгү философияны, коомдук саясий ойлорду жөн гана пайдалануу менен чектелип калбастан, аларды мазмуну жагынан андан ары тереңдеткен. Ошондуктан Молдо Кылычтын дүйнөгө болгон көз карашы бир эле индивиддин көз карашы катары түшүнүлбөстөн, XIX кылымдын экинчи жарымы жана XX кылымдын башындагы жалпы эле кыргыз элинин да дүйнөгө болгон көз карашы катары кабыл алынышы керек.

Мына ушул жагдайлар Молдо Кылычтын чыгармаларын изилдөө бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бири экендигин толук күбөлөп турат.

**Проблеманын изилдениш деңгээли.** XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы кыргыз элинин социалдык-философиялык ойлорунун өнүгүшүнүн тарыхын изилдөөгө А.Алтмышбаевдин, Б.Аманалиевдин, А.Какеевдин, Ш.Акмолдоеванын, Ш.Базарбаевдин, С.Мукасовдун, Ж.Жаныбековдун, С.Ыбыкеевдин, Ж.Сопуевдин, П.Орозбаевдин, Г.Ботоканованын, А.Байбосуновдун, О.Акматовдун, Э.Шариповданын жана Р.Эргешбаеванын илимий эмгектери чоң салым кошушту. Бирок, кызыктуу фактыларды, белгисиз тарыхий материалдарды өзүнө камтыган бул илимий эмгектерде, негизинен, XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы демократ акындардын философиялык, коомдук-саясий, этикалык жана эстетикалык көз караштарына илимий анализ жасалган, алардын дүйнөгө болгон караштарынын негизги аспектилери объективдүү иликтенген.

Белгилүү болгондой, Молдо Кылычтын көөнөргүс чыгармалары адилетсиздиктин алкагында тебеленип, анын мурастарын окуп үйрөнүүгө



темасына кайрылган залкар таланттуу акындар Калыгул менен Арстанбектин идеяларын уланткан Молдо Кылычка, курулай күнөө тагуу менен аны биротоло тарыхый сахнадан сүрүп салуу аракеттери жасалган. Акындын чыгармалары боюнча өз мезгилинде бийик деңгээлдеги кандидаттык диссертация жактаган, көптөгөн объективдүү илимий макалаларды жазган Т.Саманчин негизсиз сынга алынган.

Бирок азыркы эгемендүүлүктүн шартында элдин рухий дөөлөттөрүнө, анын ичинде Молдо Кылычтын чыгармаларына илимий объективдүү баа берүү боюнча айрым иштер жасала баштады. Муну болсо, ириде философтор С.Мукасовдун, А.Дононбаевдин жана Г.Ботокановanын илимий эмгектери толук тастыктап турат. Алардын изилдөөлөрүндө Молдо Кылычтын дүйнөтаанымынын кээ бир аспектилери ачылып көрсөтүлөт.

Молдо Кылычтын социалдык-философиялык ойлорунун айрым жактарын изилдөөдө филологдор К.Асаналиевдин жана О.Сооронoвдун эмгектери зор салым кошушкан. Аларда Молдо Кылычтын дүйнөтаанымына байланыштуу көптөгөн баалуу материалдар, фактылар камтылган.

Ошентип, жогоруда көрсөтүлгөн илимпоздордун эмгектеринде Молдо Кылычтын социалдык-философиялык ойлорунун айрым гана аспектилери каралган. Ал эми Молдо Кылычтын философиялык жана коомдук-саясий көз караштары кыргыз элинин философиялык ойлорунун өнүгүү контекстинде ар тараптуу изилдөөдөн өтө элек. Деген менен, акындын чыгармалары жаратылыштын жана коомдун кубулуштарын туура андап билүүгө багытталган терең ойлорго бай.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети.** Молдо Кылычтын мурастары изилдөөнүн объектиси болуп саналат. Ал эми изилдөөнүн предмети болуп акындын философиялык, саясий-социалдык, этикалык жана эстетикалык идеялары эсептелинет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Молдо Кылычтын философиялык, саясий-социалдык, этикалык жана эстетикалык идеяларын

саналат.

Белгиленген максатка ылайык диссертацияда төмөндөгүдөй милдеттер коюлду:

- Молдо Кылычтын социалдык-философиялык ойлорунун калыптанышынын жана өнүгүүсүнүн негизги өбөлгөлөрү катары XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы Кыргызстандын экономикалык, коомдук жана маданий шарттарын анализдөө;

- ренессансты коомдук өнүгүүдөгү закон ченемдүү руханий кубулуш катары кароо;

- “замана” агымын жана акындын мурасынын изилденишинин айрым маселелерин ачып көрсөтүү;

- Молдо Кылычтын социалдык философиялык идеяларын изилдөө;

- акындын мурасындагы этикалык жана эстетикалык ойлорду аныктоо;

- XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы ойчул акындардын чыгармаларындагы үндөштүктү, бири-бирине таасир этүүчүлүктү аныктоо.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи.** Диссертациялык иштин методологиялык негизи болуп илимдеги конкреттүүлүк, объективдүүлүк принциптеринин так жана иреттүү сакталышы эсептелет. Эмгекте өткөн мезгилдин алдыңкы ойчулдарынын философиянын тарыхына байланыштуу концептуалдуу көз караштары, философиялык ойломдун өнүгүүсүнүн ар кыл проблемалары боюнча постсоветтик аймактагы окумуштуулардын теориялык-методологиялык иштеп чыгуулары, кыргыз илимпоздорунун Молдо Кылычтын чыгармачылыгына байланыштуу негизги жоболору, тыянактары кеңири колдонулду.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Молдо Кылычтын дүйнөтаанымына концептуалдуу тарыхый философиялык анализдин жүргүзүлүшү диссертациялык иштин илимий жаңылыгы болуп эсептелет. Эмгекте акындын дүйнөгө болгон көз карашынын калыптанышынын социалдык-



маданий детерминанттары жана анын ...

терең илимий анализден өтөт.

**Коргоого сунушталган диссертациянын негизги жоболору.** Молдо Кылычтын дүйнөтаанымына жасалган концептуалдуу тарыхый-философиялык анализ диссертациянын төмөндөгү негизги жоболорун белгилөөгө мүмкүнчүлүк түзөт:

- XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башында Кыргызстанда акындын социалдык-философиялык ойлорунун калыптанышынын жана өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн аныктаган экономикалык, саясий жана маданий ири өзгөрүүлөр болгон;

- ренессанс бүткүл дүйнөлүк тарыхый көрүнүш. Ал ар түрдүү элдерде ар кандай тарыхый шарттарда, ар кандай деңгээлде ишке ашат. XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башындагы Кыргызстандагы экономикалык, саясий жана маданий өзгөрүүлөр кыргыз ренессансын жаратқан. Молдо Кылыч анын көрүнүктүү өкүлү;

- кыргыз ренессансынын өзгөчөлүгү - ойчул акындардын “замана” темасына кайрылуусунда. Орус элине болгон Молдо Кылычтын көз карашы эки тараптуу болгон. Айрым окумуштуулар тарабынан диндин коомдогу ээлеген ордун бир тараптуу түшүндүрүлүшү Молдо Кылычтын мурасына объективдүү баа берүүгө тоскоол болгон;

- Молдо Кылычтын дүйнө таанып, аны кабыл алуусу элдик аң-сезимдин бардык рационалдуу жагын өзүнө сиңирген. Ал сырткы дүйнөнүн реалдуулугун жашоонун, болмуштун баштапкы жөндөмү катары кабылдайт. Бирок сырткы объектилердин реалдуулугун акын терең философиялык-теориялык көз караштан эмес, күнүмдүк аң-сезимдин ракурсунан чагылдырат;

- акындын чыгармаларында өзүлөрүнө гумандуулук жана асылзаттык сапаттарды сиңиришкен маанилүү нравалык жана эстетикалык нормалар жана принциптер ортого чыгарылган;

- XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын башындагы кыргыз ойчул акындарынын заман темасындагы жараткан чыгармалары философиялык жактан бири-бирине үндөш. Алар коомдун, жаратылыштын көрүнүштөрүнө байланыштуу проблемаларды чечмелөөдө бирдей деңгээлде ой жүгүртүшкөн жана бирдей тыянактарга келишкен.

**Изилдөөнүн базалык булактары.** Изилдөөнүн базалык булагын тарыхый материалдар, Молдо Кылычтын чыгармалары, XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы кыргыз элинин руханий маданиятына байланыштуу монографиялар, маалымат камтыган китепчелер түздү.

**Эмгектин илимий-теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациялык иштин негизги теориялык жоболорун жана жыйынтыктарын Кыргызстандагы философиялык ойлордун тарыхын мындан аркы изилдөөдө, анын өнүгүшүнүн негизги аспектилерин аныктоодо жана айрым акындардын дүйнөтаанымдарына илимий жактан объективдүү баа берүүдө колдонууга болот.

Изилдөөнүн жыйынтыктары окуу-билим алуу процессинде, үгүттөө-жайылтуу ишмердүүлүктө жана жаш муундарды тарбиялоодо пайдаланууга толук арзышат.

Иштин материалдарын, анын теориялык жоболорун жана тыянактарын республиканын жогорку окуу жайларындагы аспиранттарга жана студенттерге философиянын тарыхы, культурология, этика жана эстетика боюнча лекцияларды окууда, семинардык сабактарды өткөрүүдө колдонууга болот.

**Иштин апробациясы.** Диссертациянын негизги жоболору "Улуттук идеология жана кыргыз рухий дөөлөтүнүн кайра жаралышы" (Ош, 1999), "Түрк элдеринин дүйнөлүк цивилизацияда алган орду жана ролу" (Ош, 1999), "Кыргыз философиясынын актуалдуу проблемалары" (Ош, 2001) темаларда өткөрүлгөн илимий-теориялык конференциялардын материалдарында жана студенттер үчүн окуу-усулдук колдонмолордо кеңири чагылдырылган. Ошондой эле изилдөөнүн илимий тыянактары философиянын тарыхы



семинарларда (1996-2003-ж.) апробацияланган. Илимий иштин негизги мазмуну жарык көргөн 8 илимий эмгекте толугураак чагылдырылган.

**Диссертациянын структурасы.** Иштин структурасы изилдөөнүн негизги максаттарына жана милдеттерине ылайыкталган. Диссертация киришүүдөн, эки баптан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн деңгээли, диссертациянын максаттары жана милдеттери, методологиялык негизи, жаңылыгы жана практикалык мааниси белгиленет.

**"Молдо Кылычтын дүйнөтаанымынын калыптанышынын социалдык-маданий детерминанттары"** аттуу биринчи бапта – Молдо Кылычтын дүйнөтаанымынын калыптанышынын социалдык-маданий детерминанттары жана акындын мурасынын туура эмес изилденишинин айрым уруттуу маселелери каралат.

*"Молдо Кылычтын дүйнөтаанымынын калыптанышынын экономикалык саясий жана маданий өбөлгөлөрү"* деген биринчи параграфта Молдо Кылычтын социалдык-философиялык көз карашынын өзгөчөлүктөрүн аныктаган XIX кылымдын аягындагы кыргыз жергесиндеги негизги экономикалык, саясий жана маданий өзгөрүүлөр каралат.

Изилденип жаткан тарыхый мезгилде кыргыз коомунун социалдык-экономикалык, саясий жана маданий абалы өтө татаал болгон. Кыргызстан Кокон хандыгынын ээзүүсүндө калган. Патриархалдык-феодалдык мамилелердин чексиз үстөмдүгү өндүрүштүн жана маданияттын өнүгүүсүн кечендеткен. Ошого карабастан XIX кылымдын аягында кыргыз коомунда жаңы саясий, экономикалык жана маданий мамилелер пайда боло баштаган.

XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыз элинин материалдуу жана руханий турмушунда өзгөчө роль ойногон окуя - Кыргызстандын Орусиянын

курамына өтүшү эле. Албетте, падышачылыктын колониалдык аракеттери белгилүү бир өлчөмдө кыргыз элинин турмуш абалына өзүнүн тескери таасирин тийгизген. Бирок, капитализмдин элементтеринин Кыргызстанга кириши жергиликтүү элдин социалдык-экономикалык жана маданий турмушунда белгилүү прогрессивдүү ролду да ойногон.

Белгиленген тарыхый мезгилде Кыргызстанда байкаларлык чарбалык жылыштар болуп, патриархалдык-феодалдык коомдук мамилелердин ыдырашы жана трансформацияланышы активдештирилген. Дыйканчылыкка өтүү патриархалдык-уруулук түзүлүштү жана натуралдык чарбаны бошоңдоткон. Чарбадагы жылыштар бул мезгилдеги коомдук аң-сезимдеги, руханий турмуштагы белгилүү бир өзгөрүүлөргө алып келген. Мына ушунун баары орто кылымдардан бери мураска калып келген табиятка жана коомго карата болгон мифтик-диндик көз караштын бошоңдошуна дуушар кылган.

XIX кылымдын экинчи жарымындагы кыргыздардын социалдык-философиялык ойлору өзүлөрү менен официалдуу феодалдык-клерикалдык идеологиянын менен агартуучулук идеянын ортосундагы күрөштүн издерин алып жүрүү менен, адамдардын кыялдарына, каалоолоруна, камкордугуна ошончолук жакындашып, бир кыйла реалдуу мүнөзгө өткөн. Натыйжада, табиятка жана адамга карата болгон, анын космикалык жана социалдык универсумдагы ордун аныктоого болгон жаңы рационалдык көз караш келип чыккан. Ушул мезгилдеги кыргыз элинин социалдык-философиялык ой-пикирлеринин көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири болуп, өзүнүн чыгармаларында философиялык мотивдер менен агартуучулук идеяларды алып жүргөн ойчул акын Молдо Кылыч эсептелет.

*"Ренессанс - коомдук өнүгүүдөгү закон ченемдүү руханий кубулуш"* аттуу экинчи параграфта XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башындагы Кыргызстандагы экономикалык, саясий жана маданий ири өзгөрүүлөр кыргыз ренессансын жаратканы ачылып көрсөтүлөт.

Диссертацияда ириде коомдук өнүгүүнүн тарыхында ренессанс бүткүл дүйнөлүк тарыхый көрүнүш экендиги айтылат. Бул көрүнүш ар түрдүү



элдерде ар кандай шарттарда, ...

экономикалык формациянын кырдаалында ишке ашат. Алсак, кыргыз жергесинде орто кылымдарда рухий жаңылануу доору жүргөн. Бул доордо кыргыздардын экономикалык өсүп-өнүгүүсү бийик деңгээлде болгон. Ош, Өзгөн, Барскоон, Баласагын жана Мерв шаарларынын гүлдөгөн учурлары, элдин кол өнөрчүлүгүнүн, соода-сатыгынын, дыйканчылык менен мал чарбачылыгынын өнүккөн кези мына ушул орто кылымдарга таандык. Ал эми Ж.Баласагын менен М.Кашгари ошол орто кылымдардагы чыгыш ренессансынын, анын ичинде кыргыз ренессансынын көрүнүктүү өкүлдөрү болушкан.

XIX кылымдын экинчи жарымындагы Кыргызстандагы саясий, экономикалык жана маданий өзгөрүүлөр руханий жаңыланууну шарттаган. Бул тарыхый мезгилде, коомдук патриархалдык-феодалдык мамилелер акырындап ыдыраган. Алгачкы капитал бара-бара күчак жайып, капиталисттик турмуш уклады өз күчүнө кирген. Чарба жүргүзүүдөгү мындай өзгөрүштөр коомдук аң сезимдеги жана руханий маданияттагы оң жактуу бурулуштарды алып келген. Булар өз учурунда адамдардын материалдык жана руханий жашоосуна белгилүү бир деңгээлде өзүнүн таасирин тийгизип, табияттын жана коомдун ар кыл кубулуштарына болгон реалисттик мамилелерди жараткан. Ушул тарыхый мезгилдеги жоон топ даанышман акындардын терең ойлорго жык толгон гумандуу чыгармалары муну толук тастыктайт. Алар коомдун, жаратылыштын көрүнүштөрүнө, кубулуштарына байланыштуу айтылган көп ойлорго, туура баамдоолорго жана оң тыянактарга, жыйынтыктарга өтө бай. Өз учурунда булар ар кандай жалпыланган түшүнүктөргө өзөк болуу менен акындардын коомдук-саясий, философиялык көз караштарын түзүшкөн.

*"Замана" агымы жана Молдо Кылычтын мурасынын изилденишинин айрым маселелери"* деген үчүнчү параграфта "замана" агымы жана акындын чыгармаларынын сындалып келиш себептери каралат.

Кыргыз элинин коомдук-саясий ой пикирлери өз алдынча өнүкпөгөндүгү, тескерисинче, башка элдердин ой-пикирлери менен жамаатташ өнүккөнү белгилүү. Ушул жагдайдан алганда, кыргыз заманчы-акындардын учурга берген кээ бир пессимисттик баасы, коомдук турмуштагы болуп жаткан өзгөрүүлөрдү жалпы эле адамзат үчүн акыр замандын келе жатышы катары кабылдоочу Орто Азия, Казакстан жана Татарстан элдеринин адабиятындагы "заманчыл" агымдын бекемдөөлөрүнө негизделген поэтикалык формалар жана традициялуу ой жүгүртүүлөр менен түшүндүрүлөт. Алсак, XII кылымдагы өзбек акыны жана ойчулу Сулайман Бакырганинин, XVIII-XIX кылымдардагы казак акындары жана ойчулдары Нысамбайдын, Досходжинин, Дулат Бабатаевдин, Шортонбай Канаевдин жана татар акыны Рабгузи Насреддиндин заманчыл идеялары XIX кылымдагы Калыгул, Арстанбек жана Молдо Кылыч сыяктуу кыргыз заманчыл-акындарынын дүйнөгө болгон пессимисттик көз караштарынын идеялык булагы болушкан.

Мындан сырткары диссертацияда Молдо Кылычтын чыгармаларынын сындалып келиш себептери ачылып көрсөтүлөт. Белгилүү болгондой, өткөн кылымдын 50-жылдарындагы акындын мурастарына байланыштуу илимий талаш-тартыштардын негизги себептеринин бири болуп орус темасы эсептелген. Талкууга катышкан окумуштуулардын айрымдары түздөн-түз эле Молдо Кылычтын чыгармалары орус элине каршы ойлорго жык толгон деген бир бүтүмгө келишсе, айрымдары Молдо Кылычтын орустарга жасаган мамилесинин айрым терс жактарын падыша өкмөтүнүн саясатына байланыштырып түшүндүрүшкөн.

Акындын ырларын илимий талдоо көрсөткөндөй, бул маселе боюнча эки тараптын тең көз караштары бир беткейлүү экендиги ачык көрүнөт. Биринчиден, Молдо Кылычтын ырларында кыргыз-орус мамилесине байланыштуу жалаң эле тескери ойлор айтылган эмес. Экинчиден, Молдо Кылыч орус элине эмес, падышалык колониялык саясатка гана каршы чыккан деген жыйынтык чындыкка негизделбеген жыйынтык.



Айрым окумуштуулар тарабынан диндин коомдогу ээлеген ордун бир тараптуу түшүнүшү, анын оң, пайдалуу жактарын такыр эле четке кагуусу Молдо Кылычтын мурасына илимий түрдө объективдүү баа берүүгө тоскоол болуп келген негизги себептердин дагы бири болгон.

Молдо Кылычтын мурастарына бир беткей баа берилип калышынын дагы бир негизги себеби болуп, айрым окумуштуулардын акындарды жасалма түрдө эки тарапка – демократ жана реакциячыл лагердеги акындарга бөлүшкөндүгү эсептелет. Мындай бөлүштүрүүнүн кесепетинен чыгармаларында идеялык айрым мүчүлүштүктөрү бар кээ бир акындар жасалма түрүндө демократ акын аталып, ал эми айрым акындардын прогрессивдүү жактары эске алынбай реакциячыл акындардын катарына топтоштурулган.

"Молдо Кылычтын социалдык-философиялык ойлору" деген экинчи бапта бай материалдардын негизинде Молдо Кылычтын дүйнөтаанымынын негизги аспектилери жана кыргыз акындарынын чыгармаларындагы философиялык үндөштүктөр иликтөөгө алынат.

*"Акындын чыгармаларындагы философемалар"* аттуу биринчи параграфта – Молдо Кылычтын натурфилософиялык ойлору каралат.

Акын, өзүнүн "Керме-Тоо", "Чүй өзөнү", "Бүркүттүн тоюу" аталган терең мазмундуу чыгармаларында сырткы дүйнөнүн реалдуулугун жашоонун, болмуштун баштапкы жөндөмү катары кабылдайт. Бирок, сырткы объектилердин реалдуулугун акын терең философиялык-теориялык көз караштан эмес, күнүмдүк аң-сезимдин аспектисинен чагылдырат. Башкача айтканда, анын дүйнө туюм нукура философиялык тастыкты эмес, көркөм поэтикалык эмоционалдуулукту аныктайт.

Молдо Кылыч дүйнөнүн биринчи башатын кудайга байланыштырып түшүндүрөт. Бирок, баео-реалисттик багытты негиз кылат. Акындын оюю боюнча, дүйнөдө дайыма өзгөрүү болуп турат. Табигый кубулуштардын бардыгы белгилүү бир себепке ээ. Жашоодо жана таанып билүүдө эс-акыл гана жетекчи болуш керек. Бир гана акыл-эс эч кимге баш ийбейт жана

эркин. Ошондой эле ал кубулуштар дүйнөсүн окуп үйрөнүү гана нерсенин маңызына рационалдуу элестетүүнү камсыз кыла тургандыгына ынанган.

Молдо Кылычтын чыгармаларында суу – жөнөкөй эле жашоонун бир булагы эмес, философиялык түшүнүктү алып жүргөн нерсе, токтоосуз кыймылдын башаты. Көлөмү боюнча "аккан суу" чексиз. Жашоодогу, турмуштагы бардык көрүнүш таза аккан суудан башталат.

Акын үчүн чындыкты жетекчиликке алган адам улуу жетишкендиктерге ээ. Таанып-билүүнүн бардык түрү адамды курчап турган дүйнө менен байланыштыруучу ишмердик болуп саналат. Ал эми жемишсиз ишмердикти бербеген таанып-билүүнүн элементтери жалган болуп эсептелет. Адамды жалган түшүнүктөгү адат башкарбастан, таанып билинген рационалдуу мотивдер башкарыш керек. Чындык – бул туруктуу ишеним, ал эми туруктуу болуш үчүн чындык жалпыга таандык болушу керек.

Молдо Кылычтын чыгармалары коомдук-социалдык багытка да ээ болгон. Анын коомдук идеялары – турмуштук тажрыйбанын натыйжасы. Ойчул акын өз чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн алгачкы учурларынан баштап эле, кыргыз коомундагы үстөмдүк кылган топту сындап, ашкерелеген поэзиясын түзүүгө аракеттенген.

Молдо Кылычтын көз карашында адамдардын жакырчылыгы жекелик мүнөздө эмес, ал жалпы элге мүнөздүү. Анын социалдык-саясий идеяларынын структурасында жакырчылык социалдык терс көрүнүш катары каралат, ал эми кедейчиликтин себеби ээзүүчү топтун жашоосунан жана кызыкчылыгынан келип чыга тургандыгы айтылат.

Акын коомдогу болгон өзгөрүүлөрдү негизинен туура чагылдыруу менен, адилетсиздикти, акыйкатсыздыкты айыптап, келечекте болуучу "бактылуу турмушту" эңсеген, аны өз түшүнүгүнө жараша поэзиянын ийкемдүү күчүндө чагылдырган.

*"Молдо Кылычтын этикалык жана эстетикалык идеялары"* аттуу экинчи параграфта – акындын нравалык-этикалык, эстетикалык көз караштарынын негизги аспектилери анализденет.



Өмүргө акындын нравалык-этикалык көз карашы анын социалдык философиялык ойлорунун ажырагыс бир бөлүгүн түзөөрү белгиленет. Молдо Кылычтын этикалык көз карашынын өзгөчөлүгү болуп анын диний элементтер менен биригип туруусу эсептелет. Акын үчүн дин жогорку моралдык инстанция катары кызмат кылат. Алсак, ал өзүнүн "Зар заман" поэмасында мусулман дини тууралуу айтуу менен аны ыймандык жактан калыптандыруучу каражат катары коомдогу жана адамдардын мүнөзүндөгү ар түрдүү кемчиликтерден арылууга өзүнүн оң таасирин тийгизе алат деп туура ой жүгүртөт. Ошол эле учурда ойчулдун дүйнөгө болгон көз караштарындагы этикалык жана диний элементтердин байланышын абсолютташтырып жиберүүгө болбойт.

Молдо Кылычтын этикалык көз караштарына ылайык, адамдар төрөлгөндөн эле жаман же жакшы, сараң же март, адилетсиз же адилеттүү болушкан эмес. Бул сапаттар ошол адамдар өздөрү жашап жаткан социалдык чөйрөнүн жана шарттардын негизинде калыптанат.

Белгилүү болгондой, адамдардын бардык жашоо сферасын өз ичине камтыган, бүтүндөй эле моралдык нормаларды жалпылаган "жамандык" жана "жакшылык" түшүнүктөрү өзүлөрү менен бирге моралдык баа берүүнүн туюнтулушунун жалпы формаларын алып жүрүшөт. Ал эми Молдо Кылычтын нравалык-этикалык көз караштарынын негизинде, адамдарды "жакшы адам" жана "жаман адам" деген түшүнүк жатат. Бул табигый көрүнүш, анткени "жаман адам" жана "жакшы адам" деген түшүнүктөр этиканын "ыймандуу" жана "ыймансыз" деген түшүнүктөрү менен окшоштурулат.

Молдо Кылычтын оюу боюнча адам жаратылышында жакшылыкты алып жүрүүгө милдеттүү, бирок аны сырткы терс жагдайлар бузат. Алардын зыяндуу таасирин жеңүү жана ички жеткиленди тарбиялоо үчүн адам ириде өзүнүн табигый жөндөмүн калыптоо абзел. Акындын пикири боюнча, адеп-ахлактык өнүгүүнүн максаты болгон жакшылыкка умтулуу, инсандын моралдык пакизалыгын түшүнүү, элдин кызыкчылыгы аркылуу ишке ашат.

Ойчул акындын чыгармачылыгына мүнөздүү дагы бир өзгөчөлүк - анын эстетиканын маселелерине өзгөчө көңүл бөлгөнү болуп саналат. Акындын чыгармаларынан эстетикалык идеяларды камтыбаган чыгармаларды табуу кыйын.

Молдо Кылыч үчүн сулуулук жана сонундук – бул кандайдыр бир табияттан сырткары турган идея эмес, ал эми сапат болсо табиятка, адамдарга, адамдардын ортосундагы мамилелерге мүнөздүү. Мына ушунун негизинде ал эгер сулуулук кеңири тараса, анда көпчүлүк нерселерди жакшы жакты көздөй өзгөртүүгө мүмкүндүк түзүлөт, жөнөкөй адамдардын сабаты ачылып, алардын социалдык адилетсиздикке карата күрөшүүгө болгон мүмкүнчүлүктөрү артат деп эсептеген.

Сонундукка коомдук турмуштан өзгөчө маңыз берүү менен бирге акын алдыңкы идеяларды коомдун руханий куралы катары кеңири таратууга жөндөмдүү болгон чыгармаларды жаратууга аракет кылган. Ал аң-сезимде чындыкты так өзүндөй бай кылып, толук жана гармониялуу түрдө туюнтууга жөндөмдүү нерселерге жана түшүнүктөргө дал келген турмуштук кубулуштарды сулуулук деп эсептеген.

Мына ушул жагдайларга байланыштуу Молдо Кылычтын чыгармачылыгындагы негизги максат - табияттагы жана коомдогу, адамдардын турмушундагы кубулуштарды туура чагылдыруу, сулуулук жана кунарсыздык, сүйүү жана көрө албастык, бакыт жана кайгы, күлкү жана трагедия тууралуу реалисттик идеяларды түзүү болуп саналгандыгын белгилеөгө болот. Акындын "Керме-Тоо", "Чүй өзөнү", ""Канаттуу", "Бүркүттүн тою", "Буудайык" аттуу чыгармалары буга толук күбө.

*"Кыргыз акындарынын чыгармаларындагы философиялык үндөштүктөр"* аттуу үчүнчү параграфта - XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы кыргыз акындарынын мурастарындагы социалдык-философиялык ойлордун үндөштүктөрү иликтөөдөн өтөт.

Изилдөө көрсөткөндөй, кыргыз акындарынын ырларында терең философиялык маселелердин көтөрүлүшүндө жана алардын чечилишинде



жалпылык көбүрөөк кездешет. Анткени, акындардын ырлары бирин-бири толуктап турат жана ошондой эле аларда объективдүү реалдуулук катары жаратылыш эсептелет. Алсак, Молдо Кылычтын "Керме-Тоо", "Чүй өзөнү" аттуу чыгармаларындагы жаратылыштын түрдүү кубулуштарына объективдүү түшүнүү мамилеси жасалган. Ушундай маңыздагы ырлар Калыгулда, Арстанбекте, Молдо Ныязда, Токтогулда, Тоголок Молдодо жана Барпыда да көп кездешет.

Кыргыз акындарын коомдук процесске оң мамиле жасоо, феодалдык укук тартибине жана жеке бийлөөчүлүккө каршы наразычылык, эркин ой жүгүртүүнүн жана эркиндикти сүйүүнүн идеяларын жарыялоо бириктирген. Элдин турмушун бирдей терең билүү, феодалдык-патриархалдык чындыкты сын көз менен кабыл алуу, эмгекчилердин укуктарын коргоо акындар үчүн табигый зарылдык катары кабыл алынган.

Албетте, кыргыз акындары өз тарыхый мезгилинин ойчулдары. Алардын чыгармаларында так түзүлгөн философиялык тутум жолукпайт. Алар идеядан турмуштун көрүнүштөрүнө эмес, тескерисинче турмуштук чындыктан белгилүү "философиялык тутумга" карай аракеттенишкен.

Кыргыз акындарынын дүйнөнү түшүнүүлөрү, кабыл алуулары ошол мезгилдеги кыргыз чындыгынын, курчап турган чөйрөнүн тикеден-тике таасиринин астында пайда болгон. Алар күбө болгон жана башынан өткөргөн окуялар, нерселер, көрүнүштөрдүн баары элдин умтулууларын, тилектерин жана үмүттөрүн аңдоого, турмуштун жетилген маселелерин туура түшүнүүгө жардам берген. Акындар объективдүү дүйнө кандай болсо, аны так ошондой кабыл алышкан.

**Диссертациялык иштин корутундусунда төмөндөгү жалпы жыйынтыктар чыгарылган:**

1. XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында Кыргызстанда Молдо Кылычтын социалдык-философиялык ойлорунун калыптанышынын жана өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн аныктаган экономикалык, саясий жана маданий ири өзгөрүүлөр болгон. Алар адамдардын материалдык жана руханий

философиясынын актуалдуу проблемалары: ОшМУнун 50 жылдык жана Жеңижоктун 140 жылдык маарекелерине арналган илимий-теориялык конференциянын материалдарынын жыйнагы. – Ош, 2001. – 0,3 б.т.

8. Кыргыз ренессансы жана Молдо Кылыч // Кыргыз философиясынын актуалдуу проблемалары: ОшМУнун 50 жылдык жана Жеңижоктун 140 жылдык маарекелерине арналган илимий-теориялык конференциянын материалдарынын жыйнагы. – Ош, 2001. – 0,4 б.т.



## АННОТАЦИЯ

**Жаныбекова В.Б. "Ойчул Молдо Кылыч XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башындагы кыргыз ренессансынын көрүнүктүү өкүлү". 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертация**

Диссертацияда Молдо Кылычтын дүйнөтаанымына концептуалдуу тарыхый философиялык анализ жүргүзүлөт. Анда акындын дүйнөгө болгон көз карашынын калыптанышынын социалдык-маданий детерминанттары жана анын чыгармаларындагы философемалар терең илимий анализден өтөт.

Акын өзүнүн терең мазмундуу ырларын жаратууда элдин бүткүл рухий дүйнөсүндөгү социалдык-философиялык ойлорду жөн гана пайдалануу менен чектелбестен аларды маңызы жагынан андан ары тереңдеткен, байыткан.

Молдо Кылычтын чыгармаларында жаратылыш жана коомдук кубулуштарды, процесстерди объективдүү түшүнүүгө жакындап барган ойлор көп орун алган. Бирок, реалдуулукту ал терең философиялык-теориялык көз караштан эмес, күнүмдүк аң сезимдин аспектисинен чагылдырат. Анын көз карашында эмпирикалык тажрыйбага негизделген турмуштук акылмандык кенен орун алган.

Мазмунуна бийик деңгээлдеги гумандуу идеяларды камтыган Молдо Кылычтын этикалык жана эстетикалык көз караштары анын социалдык-философиялык ойлорунун көрүнүктүү бөлүгүн түзөт.

## АННОТАЦИЯ

***Жаныбекова В.Б.*** **Мыслитель Молдо Кылыч – яркий представитель кыргызского ренессанса конца XIX – начала XX века: Диссертация на соискание ученой степени кандидата философских наук. Специальность 09.00.03 – история философии.**

В диссертации осуществляется историко-философский анализ мировосприятия кыргызского акына-мыслителя Молдо Кылыча. В частности, в работе рассматриваются социально-культурные детерминанты формирования его мировоззрения, раскрываются общественно-политические, философские, нравственно-этические и эстетические идеи акына.

В объяснении сложных законов действительности Молдо Кылыч не ограничивался познанием лишь поверхностных сторон явлений и процессов, а проникал в суть их, выходил за рамки только видимого и во многом правильно объяснял взаимосвязь явлений. Вместе с тем акын воспринимает и отображает реальность не с глубоких философско-теоретических позиций, а во многом с точки зрения повседневного бытия. В мировосприятии акына большую роль играет жизненная мудрость, основанная на эмпирическом опыте.

Одна их характерных черт социально-философской мысли Молдо Кылыча заключается в том, что он большое внимание уделял проблемам этики и эстетики.



## ANNOTATION

**V.B. Janybekova. The thinker Moldo Kylych is a brilliant representative of the Kyrgyz renaissance of the end of XIX – early XX century. Dissertation for the conferment of an academic degree “Kandidat of Philosophical Sciences”. Specialty 09.00.03 – History of Philosophy.**

The historical-philosophical analysis of the Kyrgyz akyn-thinker Moldo Kylych’s outlook is performed in this dissertation. In particular, in the work there considered the social-cultural determinants of his outlook forming and revealed the social-political, philosophical, moral-ethical and esthetical ideas of akyn.

While explaining the complicated laws of the reality, Moldo Kylych did not limit himself to the cognition of only superficial sides of phenomena and processes, but penetrated into their essence, exceeded the bounds of apparent matters and in many respects correctly explained the correlation of phenomena. At the same time akyn apprehended and reflected the reality not from deep philosophical-theoretical positions, but in many respects from the point of view of everyday objective reality. In the world outlook of akyn an important role is played by life wisdom, based on the empirical experience.

One of the characteristic features of social-philosophical conception of Moldo Kylych is in fact that he paid much attention to the problems of ethics and esthetics.